КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-февралы №8 Барскоон айылы

## ААК "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" тарабынан берилген акча каражаты тууралуу

Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Тосор мектебинин жана Э.Кендирбаев мектебинин чатырлары 2025-жылы каттуу шамалдан чатырларын учуруп кеткендигине байланыштуу ААК "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" тарабынан бөлүнүп берилген акча каражатын туура пайдалануу максатында Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Тосор мектебине 26 790 (жыйырма алты миң жети жүз тоскон) сом жана Э.Кендирбаев мектебине 25 050 (жыйырма беш миң элүү) сом өлчөмүндөгү акча каражаты Барскоон айыл аймагынын 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетине кириштелсин.

2. Жети-Өгүз райондук финансы башкармалыгынан дараметти жогорулатуучу грант катары бөлүнгөн 51 840 (элүү бир миң сегиз жүз кырк) сом акча каражатын аппарат бөлүмүнүн атайын эсептик счетуна 2221 беренесине кошумча бекитип берүү жагы суралсын.

3. Айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыков грантты Тосор мектебине жана Э.Кендирбаев мектептерине максаттуу пайдалануу боюнча иш-чаранын планын иштеп чыгып, сунушту макулдашууга берсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Букаровго тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска